| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ЧҮЙ ОБЛУСУ**<br>**АЛАМҮДҮН РАЙОНУ**<br>**АБДЫКЕРИМ СЫДЫКОВ**<br>**АЙЫЛ КЕҢЕШ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**АЛАМУДУНСКИЙ РАЙОН**<br>**АБДЫКЕРИМ СЫДЫКОВ**<br>**АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ** |

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ № 24-1-29

«27» 12 2024- год — село Виноградное

**Абдыкерим Сыдыков айыл аймагында үй-бүлөлү салтанаттарды жана маркумду эскерүү үрп-адаттарды тартипке келтирүү боюнча чараларды өткөрүү жөнүндө**

КР Президентинин “Кыргыз Республикасында үй-бүлөлүк салтанаттарды жана маркумду эскерүү үрп-адаттарын тартипке келтирүү боюнча чаралар жөнүндө” 2022-жылдын 24-февралындагы №54 Жарлыгына ылайык, жергиликтүү калктын өзгөчөлүгүн жана салтын эске алып, мындай чечим кабыл алынат:

**Токтом кылат:**

1. Маркумду эскерүү үрп-адаттарын (акыркы сапарга узатуу, үчүлүк, жетилик, кыркылык) өткөрүүдө ири бодо мал союуга тыюу салынат, 2 кой же болбосо 35кг этке уруксат берилсин.
2. Маркумду эскертүү үрп-адаттарын өткөрүү зыйнатынан баштык көтөргөнгө жол берилбесин.
3. Үй-бүлөлүк салтанаттарды жана маркумду эскерүү үрп-адаттарын өткөрүүдө ысырапкорчулукка жол берилбесин.
4. Үй-бүлөлүк салтанаттарды жана маркумду эскерүү үрп-адаттарын өткөрүү боюнча жобонун талаптарын бузган учур боюнча жергиликтүү комиссия өзүнүн отурумунда маселени карайт, талапты бузган адамдарга карата чара (анын ичинде коомдук уяткаруу чарасы) көрүлсүн.
5. Бул токтомдун аткарылышын өзүмө калтырам.

**Төрага** — **А.Киямидинов**